Тартат өзүңө.

Сөзү, обону Каныбек Курбантаев

Аткаруучу. Эльмар Курбантаев

Кечинде келемин сага

Жылдыздарды аралап

Сен үчүн гүлдөрдөн эмес

Жылдыздардан букет жасап

Жалынамын адатымча

Жакын турган жалгыз айга

Көрбөй калып сумсайбайын

Сен жылмайганда

Припев:

Билесиңби сенин көзүңдө

Сыйкырдуу күч бардай өзүнчө

Бир кадам да алыс бастырбай

Тартат өзүңө

2 - куплет

Кечинде келемин сага

Кумарланып махабатка

Себелесе жазгы жамгыр

Жашынабыз биз ак кайыңга

Тартып алып кучагыма

Аяп сени ак жамгырдан

Аруу сезим арабызды жакындатканда

Припев:

Билесиңби сенин көзүңдө

Сыйкырдуу күч бардай өзүнчө

Бир кадам да алыс бастырбай

Тартат өзүңө